Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат
Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги
ТЕКШЕРДИМ!
Internews в Кыргызстане

# Акмат менен Ташматтын күндөлүктөрү

Сценарийдин автору
Эльмира Токтогулова, медиа эксперт.



**Кымбаттуу достор!**
Бул Акмат жана Ташмат. Алар эң жакын достордон - айылдын карапайым жигиттери: Акмат сабырдуу, окууга абдан жеңил, токтоо, эстүү, ал эми досу Ташмат абдан эмоционалдуу, ишенчээк жана ушундан улам кызыктуу жагдайларга көп кабылат. Айдана алардын кошунасы жана досу, ал сезимтал, ар дайым жардам берүүгө даяр. Апаке - бул Акматтын акылман, тажрыйбалуу апасы, пенсиядагы дарыгер. Апаке да окуяларда маанилүү ролду ойнойт. Ал эми Майрам менен Сайра – Акмат менен Ташматтын жубайлары.

7 сериядан турган комиксте айыл турмушун чагылдырган башка каармандар да пайда болот. Келгиле, алар менен чогуу биз медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жолунда кызыктуу окуялардан өтүп, сабаттуу болууга үйрөнөбүз!

## 1 серия: Дипфейктер жана тролдор айылдагы шайлоого кандайча таасир этe жаздады?




БИР КҮН МУРУН. БАШКА ТАЛАПКЕР САМАТТЫН ШТАБЫ.
АКЫЛАЙ МЕЧИТТЕРДИ БУЗУП, ОРДУНА СООДА БОРБОРЛОРУН КУРАБЫЗ ДЕП АЙТКАН ВИДЕО ЖАСА.
ТРОЛЛДОРГО БЕР, СОЦТАРМАКТАРГА ЖҮКТӨП, ТАРАТЫШСЫН.
БУЛ ОҢОЙ ЭЛЕ. ТЕХНОЛОГИЯ КЕРЕМЕТ!
АЯЛ ЭЛДИ БАШКАРА АЛАБЫ? КҮЙӨӨСҮ ДА ЖОК!
САЯСАТ – ЭРКЕКТЕРДИН ИШИ!
АЛ КӨЙГӨЙЛӨРҮБҮЗДҮ ЧЕЧЕТ – КӨПҮРӨ САЛЫП, МЕКТЕПКЕ УНАА АЛЫП БЕРЕТ!
МЫЙЗАМ БОЮНЧА, КҮЙӨӨСҮ БАРБЫ ЖЕ ЖОКПУ, ТАЛАПКЕР БОЛО АЛАТ!
БУЛ БИЗДИ САТЫП ЖИБЕРЕТ! ВИДЕОНУ КӨРДҮҢӨРБҮ? БААРЫН БУЗАТ!
ФЕЙК МЕНЕН ТРОЛЛДОР ЭЛДИ УШИНТИП БИРИ-БИРИНЕ КАРШЫ ТУКУРГАНЫН КӨРҮП ЖАТАСЫҢБЫ?
ОЙ, ШАМАЛ БОЛБОСО ЧӨПТҮН БАШЫ КЫЙМЫЛДАБАЙТ ДА! БАЛКИМ, ОШЕНТИП АЙТКАНДЫР.


АЙДАНА МЕКТЕПТИН ЖАНЫНАН ӨТҮП БАРА ЖАТЫП, БАЛДАРДЫН АКЫЛАЙДЫ ЖАМАНДАГАН БАРАКЧАЛАРДЫ ТОСМОЛОРГО ИЛИП ЖАТЫШКАНЫН КӨРӨТ.
АКЫЛАЙ ЭЛДИН УЯТЫ!
МЫНА, ТАТЫКТУУЛАР
ДОБУШУҢАРДЫ АЛАРГА БЕРГИЛЕ!
ЧЫН ЭЛЕ УШУНДАЙ ЖАМАНБЫ? СИЛЕРГЕ КИМ АЙТТЫ?
САМАТ БАЙКЕ ӨЗҮ АЙТТЫ. ЧАПТАСАҢАР, АКЧА БЕРЕМ ДЕП УБАДАЛАДЫ.
МЕКТЕПКЕ БАРЫП, ИНФОРМАТИКАДАН БЕРГЕН МУГАЛИМГЕ ВИДЕОНУ КӨРСӨТӨЛҮ.
АЛ КЫЙЫН АДИС. ВИДЕОНУН ЧЫН КАЛПЫН ТЕКШЕРИП БЕРСЕ КЕРЕК
ЖҮР, КЕТТИК!
БУЛ ЖЕРДЕ ВИДЕОНУН ООЗ КЫЙМЫЛЫ ҮН МЕНЕН ДАЛ КЕЛБЕЙТ. БУЛ ДИПФЕЙК ДЕП АТАЛГАН ЖАСАЛМА ВИДЕО.
ВИДЕОНУН ОРИГИНАЛЫНДА АКЫЛАЙ ТАШТАНДЫ ПОЛИГОНУ ТУУРАЛУ АЙТКАН, АЛ ВИДЕОНУ МЕН ӨЗҮМ ТАРТКАН БОЛЧУМУН.
ДИПФЕЙК
ОРИГИНАЛ
МЕКТЕПТИН КОМПЬЮТЕРДИК КАБИНЕТИНДЕ


ЧЫР ЧАТАК ЧЫГА ЭЛЕКТЕ, БУЛ ВИДЕО - ФЕЙК ДЕП ЭЛГЕ ЖЕТКИРИШ КЕРЕК!
ЭХ, ДАГЫ УШАККА ИШЕНИП АЛЫПТЫРМЫН.
АКМАТ! ТАШМАТ! АКЫЛАЙДЫ КАРАЛОО ҮЧҮН БАЛДАРДЫ ЖАЛДАШЫПТЫР!
АЛАР КӨЧӨЛӨРГӨ БАРАКЧАЛАРДЫ ЧАПТАП, СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРГА ЖАМАН ВИДЕОЛОРДУ ТАРАТЫП ЖАТЫШАТ.
СИЛЕРДИН АКЫЛЫҢАРДЫ ЧАТАШТЫРУУ ҮЧҮН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУП ЖАТЫШАТ.
АТААНДАШТАР АКЫЛАЙДЫ КАРАЛАП, ЖАШТАРЫБЫЗДЫ ЫПЛАС ИШТЕРИНЕ АРАЛАШТЫРЫП ЖАТЫШАТ!
ДИПФЕЙК
МЫНДАЙ АРАКЕТТЕР МЫЙЗАМ АЛДЫНДА ЖООПКО ТАРТЫЛАТ!


ОРИГИНАЛ
ДИПФЕЙК
БИЗ СИЗДИ КОЛДОЙБУЗ, АКЫЛАЙ! ЧЫНДЫК ДАЙЫМА ЖЕҢЕТ!
Шайлоонун жыйынт
Акылай 42,53
Самат 21,57
Нурсултан 19,95
Аскат 13,49
Айжан 10,23
Баарыга каршы
0
БИЗ АТААНДАШТАРЫН КАРАЛАГАН АДАМДЫ ТАНДАП АЛА ЖАЗДАПТЫРБЫЗ.
ЭМИ БИЛИП АЛДЫҢ, ТАНДАГАНДА АКЫЛ МЕНЕН ТАНДАШ КЕРЕК!

**БИЛДИРҮҮ:** Жалган маалымат жана кастык тили элди бөлүп-жарылууга алып  келет, бирок чындык ар дайым жеңет.

**Татыктууларды тандоо үчүн, маалыматты текшериңиз:**

• Шайлоо учурунда жалган маалыматты таратуу жана кастык тилин колдонуу күчөйт. Бул ыкмалар атаандаштарды каралоо жана шайлоочулардын пикирин өзгөртүү үчүн колдонулат. Ошондуктан, социалдык тармактардагы маалыматка ишенээрден мурун аны дыкаттык менен текшерүү зарыл.

• Эгер маалыматтын чындыгына ишенбесеңиз, аны башкаларга бөлүшпөңүз жана жөнөтпөңүз.

• Ишенимдүү булактарга кайрылыңыз: Жергиликтүү жана мамлекеттик органдардын расмий билдирүүлөрүнө, ошондой эле сапат стандарттарына жана журналисттик этикага баш ийген маалымат булактарына ишенсеңиз болот.

• Маалыматты бир нече булактан текшериңиз: Бир эле булакка таянбастан, ар кандай ишенимдүү булактарды салыштырып, далилдер бар экендигине ынаныңыз.

**Кесепеттерин эсиңизден чыгарбаңыз:**

• Текшерилбеген маалыматты таратуу мыйзам алдында жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн. Кабарды алган адам сизди атайылап жалган маалымат таратып, анын кадыр-баркына шек келтирүү максатында иш жүргүздү деп ойлошу ыктымал.

• Жалган маалымат жана ушактар коопту болушу мүмкүн: Алар психологиялык стресске, дүрбөлөңгө, башаламандыкка, экономикага зыян келтирүүгө жана адамдардын ден соолугуна коркунуч жаратат.

Бул басылма Internews ишке ашырып жаткан «Анык окуялар аркылуу аудиториянын туруктуулугун жогорулатуу» (CARAVAN) долбоорунун алкагында Европа Биримдиги тарабынан каржыланат/ биргелешип каржыланат. Анын мазмуну үчүн Жамааттык Медиа гана жоопкерчиликтүү жана ал Европа Биримдигинин жана Интерньюстун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.